КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕНЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ТАРТИБИ БОЮНЧА КЫСКА МААЛЫМАТ
### (2021-ЖЫЛДЫН 29-АВГУСТУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН)

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бишкек-2021

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ТАРТИБИ БОЮНЧА КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Мыйзам тарабынан Жогорку Кеңештин 90 депутатын шайлоо үчүн жаңы – аралаш (параллелдик) шайлоо тутуму киргизилди:

**54 депутат** бирдиктүү шайлоо округу (ачык тизме) боюнча пропорционалдык тутум боюнча шайланат;

**36 депутат** бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык тутум боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

- **пропорционалдык тутум боюнча** - саясий партияларга;

- **мажоритардык тутум боюнча** - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен барган жарандарга.

Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлоо күнү өтүп жатканда **25 жашка толгон, шайлоого укугуна ээ, жогорку кесиптик билими бар** Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

**Жогорку Кеңешке кезектеги шайлоолор** Президент тарабынан **добуш берүү күнүнө 100 календардык күн калгандан эрте эмес жана 90 календардык күн калгандан кеч эмес** мөөнөттө белгиленет. Добуш берүү күнү учурдагы чакырылыштагы Жогорку Кеңеш шайланган конституциялык мөөнөт аяктаган айдын жекшемби күнү эсептелет.

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

**Бирдиктүү шайлоо округу боюнча** Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ жана мыйзамдарга ылайык биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча** Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ, **жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп эсептелген** жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү **добуш берүү күнүнө чейин 90 күндөн кем эмес мөөнөттө жарандын паспортунда/паспорттун чибинде жазылган жашаган жеринин катталгандыгы, же Кыргыз Республикасынын жарандарынын Улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде (УПМР) жашаган жеринин дареги катталгандыгы тууралуу белгиси менен аныкталат.**

Кыргыз Республикасынын **аймагынан тышкары жашаган** шайлоочулар **бирдиктүү шайлоо округуна** катталган болуп эсептелет, б.а., алар бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум (ачык тизме) боюнча депутаттыкка талапкерлер үчүн гана добуш бере алат.

## БАЙКООЧУЛАР

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн **талапкер, саясий партия**, мыйзамда каралган тартипте шайлоого даярдык көрүүгө, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды саноого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүүгө укуктуу болгон **байкоочуну дайындоого укуктуу**.

Талапкер, саясий партия **ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочуну дайындай алат**, алар добуш берүүчү жайда өтүп жаткан добуш берүүнүн жүрүшүнө жана башка шайлоо аракеттерине кезектешип байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Шайлоо комиссиясы отурган жана добуш берүүчү жайда **каттоодон өткөн бир талапкердин, бир саясий партиянын кызыкчылыгын көздөгөн эки же андан ашык байкоочу тарабынан** байкоочунун **ыйгарым укуктарын бир убакытта жүзөгө ашыруусуна жол берилбейт**.

## Байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) бардык деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоонун маалыматтык камсыздалуусуна байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясындагы шайлоочулардын тизмеси, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга;

7) шайлоочулар добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш бергенде катышууга;

8) көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоого даярдык көрүү жана аны өткөрүү тууралуу өз пикирин айтууга, билдирүү жасоого;

9) бардык шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга жана эркин жүрүүгө;

10) добуш берүүнүн купуялыгын бузбастан, аталган конституциялык Мыйзамда белгиленген уюштуруу жана добуш берүү тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендеринин берилишине; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко

чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө; аралыктан жана шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыздоочу шартта шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө; шайлоочулардын добуштарын саноодо бардык толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетендери менен таанышууга; шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдорду жана башка документтерди түзүүсүнө байкоо жүргүзүүгө;

11) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сын пикирлери жана сунуштары менен кайрылууга;

12) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

13) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

14) аталган конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттанууга;

15) тийиштүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайталап саноого катышууга;

16) өзүнүн статусун, фамилиясын, аты-жөнүн, аны шайлоо комиссиясына жиберген уюмдун аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белгини тагынып жүрүүгө;

17) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн купуялыгын бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоолдук кылбастан, жеке өзү фото-, видеого тартууну, аудио жаздырууну жүзөгө ашырууга.

## Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоо бюллетендерин алгандыгы үчүн шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн купуялыгын бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук жаратуучу аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүттөө жүргүзүүгө;

8) тийиштүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алуусуна катышууга.

## ТАЛАПКЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯНЫН ӨКҮЛДӨРҮ. ТАЛАПКЕРЛЕРДИН СТАТУСУ

Талапкерлер, саясий партиялар экиден ашпаган: **шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу.**

**Ишенимдүү адамдарды каттоо талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же саясий партиянын сунуштамасынын жана жарандын өзүнүн ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызынын** негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Борбордук шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга белгиленген үлгүдөгү ырастама берет.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн **талапкерлер, саясий партиялар каттоодон өткөндөн кийин** тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүнүн инсандыгын ырастоочу документтерди, анын негизги жумуш орду жөнүндө маалыматтарды (ишинин түрүн), туруктуу жашаган жеринин толук дарегин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен, **дайындоого укуктуу**. **Шайлоо комиссиясындагы өкүл бир эле учурда башка шайлоо комиссиясында өкүл боло албайт.**

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар **ыйгарым укуктуу өкүлдөр жана ишенимдүү адамдар, шайлоо комиссияларынын өкүлдөрү боло албайт**.

## Талапкердин статусу:

Жогорку Кеңештин депутатынан же Президенттен, жергиликтүү кеңештин депутатынан; мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттин (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашык ишкананын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчисинен тышкары **саясий кызматкер** болгон талапкерлер Жогорку Кеңешке шайлоого талапкерлиги көрсөтүлгөндөн тартып **кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотот.**

Мамлекеттик кызматтын түрүнө (жарандык, аскердик, укук коргоочулук, дипломаттык) карабастан мамлекеттик, муниципалдык кызматкер, массалык маалымат каражатынын кызматкери болгон талапкерлер Жогорку Кеңешке шайлоого көрсөтүлгөн учурдан тартып **кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат**.

Талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана ал иштеген башка органдардагы тийиштүү кызматтагы адамдар талапкер **арыз, рапорт менен кайрылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотуп,** менчиктин формасына карабастан, мекеменин, ишкананын, уюмдун эсебинен **эмгек акысынын орточо өлчөмүн сактап турууга милдеттүү**.

**Талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү талапкер, талапкерлердин тизмеси көрсөтүлгөн күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен** тийиштүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн Борбордук шайлоо комиссиясына **берет**.

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫ МААЛЫМДОО ЖАНА ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ИШТЕРИ

**– Ибадат кылуу имараттарынын, курулмаларынын жана аларга тиешелүү аймактардын**, кооптуу жана зыяндуу өндүрүштөрү бар объекттердин, электр станциялардын, темир жолдордун, мунай түтүктөрүнүн жана жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларынын, пенитенциардык тутумдун объекттеринин, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын, мектепке чейинки балдар мекемелеринин, мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү уюмдардын **ичинде жана ага жакын жерлерде (аралыгы 100 метрден кем эмес) үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга жол берилбейт. Үгүттөө материалдарында түздөн-түз жана кыйыр өздөштүрүүлөрдү камтыган же диний тематикага шилтек жасалган маалыматтын бөлүктөрүн жана элементтерин (сүрөттөлүштөрдү) чагылдырууга жана башкача пайдаланууга жол берилбейт.**

– **Стадиондордо жана калктуу пункттардын көчөлөрүндө концерттерди, театралдаштырылган көрсөтүүлөрдү, ошондой эле спорттук иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салынат.**

– Талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө түзүүчү ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн **республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржылануучу мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерин, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлерин** тартуу, ошондой эле **аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери тарабынан** кол чогултууга, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүсү административдик ресурстарды кыянаттык менен колдонуунун түрүнө киргизилет. Мындан тышкары, **аймактык коомдук өз алдынча башкаруу кызматкерлерине** үгүт иштерин жүргүзүүгө, бардык үгүттөө материалдарын чыгарууга жана жайылтууга тыюу салынат.

**Шайлоо белгиленген учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууга тыюу салынат:** шайлоочуларга акча каражаттарын төлөөгө; белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды берүүгө; шайлоочуларга товарларды жеңилдетилген шартта сатууга; Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмекке туура келген талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символикасын, талапкердин сүрөтүн камтыган басма материалдарын, үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды эсепке албаганда, башка бардык товарларды акысыз таратууга; акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө.

## Төмөнкүлөр үгүт иштерин жүргүзүүгө жана бардык үгүттөө материалдарын жайылтууга укуксуз:

- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер;
- Жогорку Кеңештин депутаттарынан тышкары, мамлекеттик саясий кызматтагылар, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан тышкары, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтагылар;
- шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү;
- байкоочулар, эл аралык байкоочулар;
- дин ишмерлери:
- кайрымдуулук ишмердиги менен алектенген уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү;
- 18 жашка чыга электер;
- чет элдик жарандар жана уюмдар;
- жарандыгы жок адамдар.

**Бирдиктүү шайлоо округу боюнча** Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт иштерин жүргүзүү үчүн **мамлекеттик телерадио уюму** тарабынан бөлүнгөн акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумушчу күндөрү **бир сааттан кем болбоого** тийиш.

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлер үчүн** акысыз эфир убактысынын көлөмү жумушчу күндөрү **аймактык телерадиоуюмдардын каналдарында отуз мүнөттөн кем эмес** болушу керек.

Талапкер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн **аларга акысыз берилген** телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында **үгүт иштери үчүн эфир убактысын, басма сөз продукцияларын, аянтчаны** төмөнкү **максаттарда колдонууга укуксуз**:

1) талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болгон терс кесепеттерди сыпаттоого;

3) кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу ачыктан-ачык басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;

4) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга өбөлгө түзүүчү маалыматтарды таратууга.

## Административдик ресурту кыянаттык менен пайдалануу

**Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу** - бул талапкерлер, кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, массалык маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын мүчөлөрү жана уюштуруучулары тарабынан алардын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерге же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуусу 30 пайыздан ашпаган ишканалардын кызматкерлерине, тигил же

бул талапкерге, саясий партияга колдоо көрсөтүүсүнүн саясий же башка формаларына трансформацияланууучу каржысына жана алардын бөлүштүрүлүшүнө көзөмөл кылуусунун натыйжасында алынган адамдык, каржылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды шайлоодо мыйзамсыз пайдаланышы.

## Административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө түзүүчү ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн карамагындагы же башка кызматтык көз карандылык абалда турган адамдарды, башка мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларды, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматчыларын, **республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерин**, **аймактык коомдук өз алдынча башкаруу кызматкерлерин** тартуу;

2) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө түзүүчү ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеген жайларды пайдалануу, эгерде башка талапкерлер бул жайларды ушундай эле шарттарда пайдалана албаган болсо;

3) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө түзүүчү ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүн камсыз кылуучу телефондук, факсимиле жана байланыштын башка түрлөрүн, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү, уюштуруу техникасын пайдалануу;

4) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө түзүүчү ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорттук каражаттарды акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу;

5) мамлекеттик же муниципалдык кызматчылардын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин, **аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин** кол чогултуусу, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүсү;

6) кол чогултуу же шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү максатында жалпыга маалымдоо каражаттарын артыкчылыктуу пайдалануу (башка талапкерлерге салыштырганда);

7) мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган, **же болбосо мамлекеттик органдардын жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү катышкан** массалык (ачык) иш-чараларды жүргүзүүдө үгүттөп сөз сүйлөө;

8) шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, үгүттөөчү басылма материалдарда аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо, талапкердин атынан тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу.

## БИРДИКТҮҮ ОКРУГ БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРДЫ ШАЙЛОО ТАРТИБИ:

**54 депутат** саясий партиялардын ачык тизмеси менен пропорционалдык тутум боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына **талапкерлердин тизмесин көрсөтүү шайлоо белгиленген күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө 45 календардык күн калганда аяктайт.**
Пропорционалдык тутум боюнча шайлоо боюнча саясий партия **54 талапкерден ашпаган** санда талапкерлердин тизмесин саясий партиядан көрсөтөт ***(60-берене)***.

Талапкерлердин тизмесин түзүүдө аялдар, этникалык азчылыктын өкүлдөрү, жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн төмөнкүдөй квоталар каралган ***(60-берене)***:

- бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпоосун, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпоосу;

- 35 жаштан ашпаган талапкерлердин саны 15 пайыздан кем эмес болуусу, бул учурда алардын ичинен кеминде **3** талапкер алгачкы **25** талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- ар кандай этникалык таандыктагы талапкерлердин саны 15 пайыздан кем эмес болуусу, мында бул учурда алардын ичинен кеминде 3 талапкер алгачкы 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- кеминде 2 талапкердин - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардан болуусу, бул учурда алардын бири биринчи **25** талапкердин тизмесине киргизилиши керек.

Талапкерлердин тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин, андагы талапкерлердин **курамы жана аларды жайгаштыруунун тартиби өзгөртүлбөйт**. Талапкерлердин тизмесиндеги талапкер чыгып кеткен учурда, чыгып кеткен талапкердин катар номуру тизмедеги башка талапкерлердин эсебинен ордун толтурууга **жол берилбейт.**

## Талапкерлердин тизмесин каттоо

Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн **шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирилбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин** КР БШКга төмөнкү документтер берилет:

1) саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими;

2) талапкерлердин тизмесине кирген ар бир талапкер тарабынан толтурулган өмүр баяны жана башка маалыматтар көрсөтүлгөн талапкер тууралуу маалыматтардын атайын формасы, паспортунун көчүрмөсү, **жогорку кесиптик билими тууралуу документтин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү**, иштеген же окуган жеринен маалымдама, башка мамлекеттин

жарандыгынын, соттолгондугун жоктугу тууралуу маалымат, чет мамлекеттин жарандыгы (анын ичинде мурунку жарандыктары, башка жарандыктары) болуусу же жоктугу тууралуу жеке маалыматтарды иштетүүгө жазуу түрүндөгү макулдугу;

3) шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документ.

## Каттоодон баш тартуунун негиздери:

1) аталган конституциялык Мыйзамга ылайык, талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;

2) аталган конституциялык Мыйзамда каралган көрсөтүү тартибинин сакталбоосу;

3) талапкердин пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) талапкердин башка саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталуу фактысынын болушу, талапкердин бирден ашык шайлоо округунда катталган фактысынын болушу;

5) саясий партиянын өз шайлоо фондун түзбөгөнү;

6) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына тиешелүүлүгү.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесинде, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча же бир эле учурда талапкерлердин тизмеси жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бир эле адамдын бирден ашык **катталуусуна жол берилбейт**.

**Шайлоо мыйзамдары (4-1-бөлүм, 37-берене, 61-берене)** бузулуп, алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы туура деп табылган факты болгон учурда **саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоого жол берилбейт**.

Депутаттыкка **талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо** шайлоо күнүнө **30 календардык күн калганда аяктайт.**

## Талапкердин каттоо төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1) конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттө талапкер **өзүнүн талапкерлигин алып салуу жөнүндө арыз** бергенде;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо талапкер шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда, же талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашык чыгымдаганда;

3) талапкердин статусу жана талапкерди каттоого алуу боюнча аталган конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптар бузулганда;

4) талапкер жана анын өкүлдөрү тарабынан талапкерди шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө талаптарды бузганда;

5) талапкердин, анын өкүлдөрүнүн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз катышуу фактылары далилдегенде (*жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдалануу: согушту жана аймактар аралык кастыкты пропагандалоо, бийликти тартып алууга үгүттөө, башка мамлекеттин мамлекеттик жана саясий ишмерлери менен биргеликте көпчүлүк алдында, ошондой эле диний тематиканы колдонуу менен иш-чараларды өткөрүү ж.б.*);

6) талапкердин, анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын, ошондой эле жакын туугандарынын шайлоочуларды сатып алуу же кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө катышкандыгы тууралуу фактылар далилденгенде;

7) талапкерге карата соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши.

## Талапкерлердин тизмесинин каттоо төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1), саясий партия тарабынан талапкерлердин тизмесин кайтарып алуусунда жана шайлоого катышуудан баш тартканда, эгерде саясий партиянын жогорудагыдай жазуу жүзүндө арызы КР БШКга добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирилбестен келип түшсө;
2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо саясий партия шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда же саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;
3) талапкердин статусу жана талапкерлердин тизмесин каттоо боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптары бузулганда;
4) саясий партиянын жетекчилиги, талапкерлер тарабынан талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги жөнүндө аталган конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптар бузулганда;
5) саясий партиянын аткаруу органынын жетекчилигинин же кызматкерлеринин, талапкерлердин, саясий партиянын өкүлдөрүнүн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз катышы бар экендигинин фактылары ырасталганда (*массалык маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдалануу: согушту жана аймактар аралык касташууну пропагандалоо, бийликти басып алууга чакыруу, башка мамлекеттин мамлекеттик жана саясий ишмерлери менен биргеликте көпчүлүк алдында, ошондой эле диний тематиканы колдонуу менен иш-чараларды өткөрүүсү*);
6) саясий партиянын жетекчилигинин, аткаруу органынын кызматкерлеринин, талапкерлердин, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, саясий партиянын ишенимдүү адамдарынын, саясий партиянын атынан чыккан байкоочулардын шайлоочуларды сатып алуусу же алардын шайлоочуларды сатып алууга катыштыгы бар болгон фактылары далилденгенде.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн **саясий партиялар** өзүнүн шайлоо фондусунун каражаттарынын эсебинен, КР БШК **эсебине** мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндөгү **шайлоо күрөөсүн** төгөт **(1 млн сом).**

Күрөө төмөнкү учурларда **кайтарылып берилет**:

1) көрсөтүлгөндөн кийин бирдиктүү шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын 1 пайыздан кем эмесин добуштарын алгандарга**, шайлоодон кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондунун өлчөмү жана аны түзгөн бардык булактар, ошондой эле бардык жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет бергенден кийин;

2) эгерде Борбордук шайлоо комисиясы тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин **каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса**;

3) шайлоо бюлеттенинин тексти жана формасы бекитилгенге чейин **шайлоого андан ары катышуудан баш тарткандарга**.

4) эгерде Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондун өлчөмү жана түзүүдөгү бардык булактар тууралуу отчет берилгенден кийин **шайлоо өткөн жок же жараксыз деп таанылса.**

Төмөнкү учурда күрөө **кайтарылып берилбейт** жана бюджетке чегерилет:

– мыйзамдарды бузуунун натыйжасында добуш берген күнүнө чейин талапкерди, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо жокко чыгарылган учурда;

– эгер саясий партияны шайлоо жараксыз деп табылса.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн **саясий партиянын шайлоо фонду** төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлөт:

1) эсептик көрсөткүчтөн 15000 эседен **(1 млн 500 миң сом)** ашпаган, талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өз каражаттарынан;

2) эсептик көрсөткүчтөн 1000000 эседен **(100 млн сом)** ашпаган саясий партиянын өз каражаттарынан;

3) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен **(200 миң сом)** ашпаган жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулугунан;

4) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 30000 эседен **(3 млн сом)** ашпаган юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынан.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондунун келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын **чектелген суммасы** эсептик көрсөткүчтөн 3000000 эседен **(300 млн сом)** ашпашы керек.

## Бирдиктүү округ боюнча депутаттарды шайлоо

1) Шайлоо округу боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө **0,5%дык жалпы республикалык шайлоо чегинен, 0,5%дык аймактык шайлоо чегинен** өткөн саясий партияларга жол берилет.

Саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө, **алгач, саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайыздан кем эмеси шайлоочулардын кыйла көп добушун алган аял талапкерлердин арасында бөлүштүрүлүүгө тийиш**. Эгерде саясий партиянын тизмесиндеги **аял талапкерлер шайлоочулардын добуштарын албаса, аялдардын квотасы боюнча** калган мандаттар Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген саясий партиянын тизмесиндеги **аял талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык тартипте кезеги боюнча бөлүштүрүлөт**.

**Андан кийин мандаттардын жалпы санынын 70 пайызы башка талапкерлерге карата шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген катар номерлери үчүн талапкерлердин арасында бөлүштүрүлөт.** Бул учурда саясий партиянын талапкерлеринин тизмелериндеги талапкерлердин позициялары ар бир талапкердин шайлоочулардан алган добуштарынын санына жараша төмөндөөчү ырааттуулукта жылдырылат.

Саясий партиялардын биринин **талапкерлеринин тизмесиндеги талапкерлердин ортосунда шайлоочулардан алган добуштары тең чыккан учурда,** талапкерлердин тизмесиндеги **талапкерлердин позицияларынын ырааттуулугу** Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген **бул тизмедеги талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык аныкталат**.

**Пропорционалдык тутум боюнча** Жогорку Кеңештеги депутаттык мандаттардын жалпы санынын **50 пайыздан ашпаганы** саясий партияга берилиши мүмкүн **(27 мандаттан ашыкча эмес).**

## *2)* Бош мандатты алмаштыруу:

Эгерде саясий партиялардын ортосунда депутаттык мандаттарды талапкерлердин тизмелери боюнча бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат мөөнөтүнөн мурда кеткен учурда, анын мандаты ушул конституциялык **Мыйзамдын 64-беренесинин 4-бөлүгүндө аныкталган, аталган берененин 4-1-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен кезек боюнча** кийинки талапкерге берилет.

## БИР МАНДАТТУУ ОКРУГДАРДА ДЕПУТАТТАРДЫ ШАЙЛОО ТАРТИБИ

**36 депутат** бир мандаттуу округдардан шайланат.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка **талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси** **расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда аяктайт**.

## Округдарды түзүү:

1) Борбордук шайлоо комиссиясы **шайлоо күнү белгиленгенден тартып 7 календардык күндөн кечиктирилбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чектерин**, ар бир шайлоо округуна кирген калктуу конуштардын (көчөлөрдүн, үйлөрдүн) тизмесин, ар бир шайлоо округунун номерин жана борборун, ар бир шайлоо округундагы шайлоочулардын санын **түзөт жана бекитет**.

2) Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилине карата Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан **тийиштүү аймактык шайлоо округдарында** иштеп жаткан тийиштүү **аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн округдук шайлоо комиссиялары түзүлөт.** Округдук шайлоо комиссиялары Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы **расмий жарыялангандан кийин** Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча өз **ыйгарым укуктарын токтотот**.

3) Бир мандаттуу округдарды түзүүдө шайлоочулардын саны боюнча, эреже катары, 20 пайыздан ашпаган шайлоочулардын өкүлчүлүктөрүнүн орточо нормасынан четтеген шайлоо округдарынын болжолдуу теңдиги сакталышы керек, бири-бири менен чектешпеген аймактардан шайлоо округдарын түзүүгө жол берилбейт, жана **эреже катары, республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү эске алынат.**

**Бир мандаттуу шайлоо округдарынан депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү**

**1) Саясий партиялардан** бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка **талапкерлерди көрсөтүү** ар бир талапкер талапкерлиги добушка коюлган курултайларда шайлоо округун көрсөтүү менен жүзөгө ашырылат.

Саясий партиялар **бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бирден ашык эмес талапкерди көрсөтүүгө укуктуу**. Талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечим жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

**2) Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде** бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка **талапкерди көрсөтүү** талапкердин өзүнүн ушул шайлоо округу боюнча **талапкерлигин добушка коюу ниети жөнүндө арызын** КР БШКга **берүү жолу менен жүргүзүлөт.**

**Талапкер бир шайлоо округунан гана көрсөтүлүшү мүмкүн**.

## Талапкерди каттоо:

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн КР БШКга шайлоо күнүнө чейин **40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин төмөнкү документтер берилет:**

1) саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими, же өзүн-өзү көрсөтүү тартибиндеги талапкерди көрсөтүү тууралуу арызы;

2) талапкерлердин тизмесине кирген ар бир талапкер тарабынан толтурулган өмүр баяны жана башка маалыматтар көрсөтүлгөн талапкер тууралуу маалыматтардын атайын формасы, паспортунун көчүрмөсү, **жогорку кесиптик билими тууралуу документтин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү**, иштеген же окуган жеринен маалымдама, башка мамлекеттин жарандыгынын, соттолгондугун жоктугу тууралуу маалымат, чет мамлекеттин жарандыгы (анын ичинде мурунку жарандыктары, башка жарандыктары) болуусу же жоктугу тууралуу жеке маалыматтарды иштетүүгө жазуу түрүндөгү макулдугу;

3) шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документ.

Талапкер жеке каражатынан мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн миң эсе өлчөмүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине **шайлоо күрөөсүн** төгөт **(100 тыс. сом).**

## Күрөө төмөнкү учурда **кайтарылат**:

1) добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 пайыздан кем эмес добушун алгандарга, алар шайлоодон кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондунун өлчөмү жана аны түзгөн бардык булактар, ошондой эле бардык жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет бергенден кийин;

2) шайлоо бюллетенинин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого **андан ары катышуудан баш тарткандарга;**

3) эгерде өз фондун түзүүдөгү бардык булактары жана көлөмү, ошондой эле бардык чыгымдар тууралуу отчет Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин **шайлоо өткөн жок же жараксыз деп таанылса**.

Күрөө төмөнкү учурда **кайтарылбайт** жана бюджетке чегерилет:

– Мыйзамдарды бузуунун натыйжасында добуш берген күнүнө чейин талапкерди каттоону жокко чыгарган учурда;

– талапкерди шайлоо жараксыз деп табылган учурда.

## Каттоодон баш тартуунун негиздери:

1) ушул конституциялык Мыйзамга ылайык талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;

2) көрсөтүүнүн аталган конституциялык Мыйзамда каралган тартибин сактабоо;

3) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) талапкердин башка саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталуу фактысынын болушу, талапкердин бирден ашык шайлоо округунда катталган фактысынын болушу;

5) талапкердин өз шайлоо фондун түзбөгөнү; несоздание кандидатом своего избирательного фонда;

6) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына тиешелүүлүгү.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесинде, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча же бир эле учурда талапкерлердин тизмеси жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бир эле адамдын бирден ашык катталуусуна **жол берилбейт**.

**Шайлоо мыйзамдары** бузулган учурда алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы жараксыз деп табылган факты бар болгондо талапкерди **каттоого жол берилбейт**.

Депутаттыкка **талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө 30 календардык күн калганда аяктайт.**

## **Кандидатты каттоо** төмөнкү учурда **жокко чыгарылат:**

1) конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттө талапкер өзүнүн **талапкерлигин алып салуу жөнүндө арыз** бергенде;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо талапкер шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда, же талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашык чыгымдаганда;

3) кандидаттын статусу боюнча жана кандидатты каттоо боюнча конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптар бузулганда;

4) талапкер, анын өкүлдөрү талапкерди шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө талаптарды бузганда;

5) талапкердин, анын өкүлдөрүнүн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз катышуу фактылары далилдегенде (*жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдаланууга: согушту жана аймактар аралык кастыкты пропагандалоого, бийликти басып алууга чакырууга, чет мамлекеттердин саясий жана мамлекеттик ишмерлери ж.б. менен көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүгө, ошондой эле диний тематиканы пайдалануу менен үгүттөөгө тыюу салынат*);

6) талапкердин, анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын, ошондой эле жакын туугандарынын шайлоочуларды сатып алууга же укайрымдуулук ишмердигине катышуу фактылары далилденгенде;

7) талапкерге карата соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши.

## **Бир мандаттуу округдар боюнча Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкердин шайлоо фонду** төмөнкү каражаттардын эсебинен түзүлөт:

1) эсептик көрсөткүчтөн 1 500 эседен **(150 миң сом)** ашпаган, талапкердин өз каражаттарынан;
2) аны көрсөткөн саясий партия тарабынан талапкерге бөлүнгөн эсептик көрсөткүчтөн 10 000 эседен **(1 млн сом)** ашпаган каражаттарынан;
3) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2 000 эседен **(200 миң сом)** ашпаган жеке адамдардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн;
4) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5 000 эседен **(500 миң сом)** ашпаган юридикалык жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн.

**Талапкердин шайлоо фондунан** келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын **чектелген суммасы** эсептик көрсөткүчтөн 100000 эседен **(10 млн сом)** ашпашы керек.

## **Бир мандаттуу округдарда депутаттарды шайлоо:**

1) Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин шайланган депутаты деп ушул бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын кыйла көп добушун алган (**добуштардын жөнөкөй көптүгү**) талапкер таанылат. Талапкерлердин алган добуштары **тең чыккан учурда**, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган талапкер болуп **каттоо үчүн документтердин топтомун датасы жана убактысы боюнча мурдараак берген талапкер эсептелет *(64-берене)***.

2) Тийиштүү шайлоо округдарында чыгып кеткендердин ордуна бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын **шайлоо** бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин **эки айдын ичинде** ушул конституциялык Мыйзам менен белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан **өткөрүлөт**. Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке шайланган **мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл же болбосо бир жылдан аз калганда чыгып кеткен учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт *(59- жана 65-беренелер)***.

## **ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИ**

Шайлоо күнү шайлоо участкаларында шайлоочуга 2 бюллетень берилет:

► **Биринчиси – бир мандаттуу шайлоо округу боюнча**

Жогорку Кеңештин депутаттарын бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоолордо шайлоо бюллетени талапкерлердин аты-жөнүн чүчү кулак менен аныкталган кезекте камтыйт.

► **Экинчиси – бирдиктүү шайлоо округу боюнча**

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоо бюллетени эки бөлүктөн турат.

Шайлоо бюллетенинин биринчи бөлүгүндө саясий партиялардын аталыштары чүчү кулак менен аныкталган кезек боюнча жайгаштырылат.

Шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө чарчынын сол тышкы тарабына номерленген 54 бош чарчы жайгаштырылат. Бош чарчынын номери саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталган талапкердин катар номерине дал келет.

## Шайлоо бюллетени **ЖАРАКТУУ** деп эсептелет, эгер шайлоочу:

– шайлоо бюллетенинде тиешелүү белгисин **саясий партияга тиешелүү** чарчыга **коюп**, ошол эле учурда белгини талапкерлердин тизмегиндеги **талапкердин иреттик номери боюнча койбосо** же болбосо белгини **чыгып кеткен талапкердин чарчысына коюп салса, анда шайлоочунун добушу ушул саясий партиянын пайдасына эсептелинет**.

Шайлоо бюллетени **ЖАРАКСЫЗ** деп эсептелет, эгер шайлоочу:

**–** шайлоо бюллетенине тийиштүү белгини **саясий партияга тиешелүү** чарчыга **койсо**, ошону менен бирге, талапкерлердин катар номерлери бар чарчыларга **бирден ашык белги койсо**;

–шайлоо бюллетенинин **саясий партияларга тийиштүү** чарчысына тиешелүү белгини **койбосо**, ошол эле учурда **белгини** шайлоо бюллетенинин төмөнкү бөлүгүндөгү талапкерлердин катар номерлери бар чарчыга **койсо.**

## ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН БЕЛГИЛӨӨ ЖАНА ШАЙЛОО НАТЫЙЖАЛАРЫН АНЫКТОО

**Добуштарды эсептөө**

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо **биринчи кезекте, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча** депутаттыкка талапкерлер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт, **экинчи кезекте**, **бирдиктүү шайлоо округу боюнча** саясий партиялар жана алардын талапкерлери үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт.

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча** Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодо шайлоочулардын добуштарын эсептөө **ар бир талапкер үчүн берилген добуштар боюнча** жүргүзүлөт.

**Бирдиктүү шайлоо округу боюнча** Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо добуштарды эсептөө төмөнкүчө жүрөт:

1) **ар бир саясий партия жана "Баарына каршы" позициясы боюнча айрым-айрым жүргүзүлөт**. Иргелген шайлоо бюллетендерин саноо үн чыгаруу менен, аларды бир пачкадан экинчисине бирден алып коюу жолу менен, саноого катышып отурган адамдар уккандай жана шайлоочунун шайлоо бюллетениндеги белгисин көргөндөй жүзөгө ашырылат. **Ар башка пачкалардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт**.

2) Андан кийин саясий партиялар боюнча иргелген шайлоо бюллетендеринен ар бир саясий партия боюнча өзүнчө, шайлоо бюллетенинин **биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн кезекте талапкерлердин тизмегиндеги талапкердин иреттик номери боюнча шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт**.

## Төмөнкү учурда шайлоо жараксыз деп табылат:

1) эгерде башка талапкерге караганда алда канча көп сандагы добуш алган талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны, шайлоочулардын бардык талапкерлерге каршы берилген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда кайра шайлоо өткөрүлөт;

2) эгерде талапкерлердин тизмесинин бири да мандаттарды бөлүштүрүүгө катышуу үчүн зарыл болгон сандагы добуштарды ала албаса;

3) эгерде талапкерлердин башка тизмесине караганда алда канча көп сандагы добуш алган талапкерлердин тизмеси үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны, шайлоочулардын бардык талапкерлердин тизмесине каршы берилген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда кайра шайлоо өткөрүлөт.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны белгиленген формадагы, добуш берүү үчүн үкөктөн алынган шайлоо бюллетендеринин саны, ал эми кошумча контролдоо зарыл болгондо - ошондой эле идентификациядан өткөндүгү тууралуу чектер боюнча аныкталат.

**Округдук, аймактык шайлоо комиссиясы** төмөнкү учурларда шайлоо участкасындагы **добуш берүүнүн жыйынтыктарын <u>жараксыз</u> деп таанууга укуктуу**:

1) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүнчүлүк бербеген бузуулар орун алса;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында, шайлоочулардын өз эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса;

3) жогору турган шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) соттун чечими боюнча;

5) эгерде добуш берүү үчүн үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендери анык эмес деп таанылса.

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган учурда, шайлоонун жыйынтыктары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Добуш берүүнүн жыйынтыктары бир же бир нече шайлоо участокторунда жараксыз деп таанылган учурда, алар шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизе турган болсо, ошол шайлоо участкаларында тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү белгиленген күндөн тартып, 2 жумалык мөөнөттө кайра добуш берүү өткөрүлөт.

Эгерде шайлоолорго даярдануу, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө учурунда талапкер, саясий партия тарабынан **добуш берүүнүн жыйынтыгын анык белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар орун алса**, **же шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир этилсе, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын жараксыз деп табууга укуктуу**.

Шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында **добуш берген күндөн кийин** талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы **жараксыз деп таанылган учурда**, шайлоочулардын талапкерге, саясий партияга берген добуштары шайлоо бюллетендерин жараксыз бюллетендерге кошуу менен **жараксыз деп таанылат**. **Мындай талапкер, саясий партия кийинки шайлоого катыша албайт.**

Депутаттык мандаттарды бөлүштүрүү максатында талапкерге, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесине берилген шайлоочулардын добуштары, алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары **жараксыз деп таанылганда, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын катарында эсепке алынбайт.**

Төмөнкү учурда Борбордук шайлоо комиссиясы **<u>шайлоонун натыйжаларын жараксыз деп тааныйт</u>:**

1) эгерде добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин** камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары **жараксыз деп таанылса**;

2) эгерде талапкер (талапкерлер), саясий партиянын (партиялардын) талапкерлеринин тизмеси боюнча **жараксыз деп табылган добуш берүүлөрдүн жыйынтыктары** добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын камтыса**.

## <u>Шайлоо күрөөсү боюнча:</u>

– **Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 пайыздан кем эмес добушун алгандарга**, ошондой эле **шайлоо өткөн жок же жараксыз деп таанылса шайлоо күрөөсү кайтарылат** ***(41-берене)***.

– Мыйзамдарды бузуунун натыйжасында добуш берген күнүнө чейин талапкерди, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин **каттоону жокко чыгарган учурда** талапкер, саясий партия тарабынан коюлган **шайлоо күрөөсү <u>кайтарылып берилбейт</u> жана бюджетке чегерилет**.

– Саясий партия тарабынан коюлган шайлоо күрөөсү **анын шайлануусу анык эмес деп табылганда <u>кайтарылып берилбейт</u> жана бюджетке чегерилет.**

## <u>ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЖАНА ШАЙЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН БАСТЫРЫП ЧЫГАРУУ</u>

Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле талапкерлердин, талапкерлердин тизмелеринин ар бири алган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтарды; алардын негизинде аныкталган түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда камтылган маалыматтарды кошуп алганда, **Президенттик кызматка талапкерлердин ар бири, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлер, саясий партиялардын жана талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер алган добуштардын, бардык талапкерлерге каршы, бардык саясий партияларга каршы добуштардын** натыйжаларын расмий жарыялоо, **шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө** Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.